# КЫРГЫЗ ТИЛИ

*(окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**9___ класс** **А** ВАРИАНТЫ

Место для штампа

Аты-жөнү ____________________________________________

Мектептин аталышы ____________________________________

**Тестке баа коюуга предметтик комиссия гана укуктуу.**

**Жыйынтык упай жана баа:**

| 1-бөлүмдүн упайы | 2-бөлүмдүн упайы | Жыйынтык упайы | *Баа | Текшерүүчүнүн аты-жөнү / колу |
|---|---|---|---|---|
| | | ____________ / ________ | | |

** баа коюуда упайларды которуунун таблицасын колдонуңуз.*

***Тест 2 бөлүмдөн турат:***

**1-бөлүм.** 40 тесттик тапшырма – 40 мүнөт.

**2-бөлүм.** 2 текстке 15 тесттик тапшырма берилет – 50 мүнөт.

## 1-БӨЛҮМ. ЛЕКСИКА. ГРАММАТИКА

Тестти аткарууда сөздүк колдонууга болбойт. Таблицанын сол жагында сүйлөмдөр (1, 2 ж.б.), ал эми оң жагында жооптордун варианттары берилген. Туура жоопту таап, аны тегеректеп белгилеңиз. Эгерде жаңылып, **туура эмес** белгилеп алсаңыз, анда ал вариантты чийип салып, **туура** деп эсептеген жоопту тегеректеп белгилеңиз.

**Туура жоопторду белгилеңиз.** Упайы 1 / 0

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Балдар, эртең экскурсияга саат 9-00дө жөнөйбүз. Жылуу кийиминңерди алып алгыла, тоодо суук болот экен. | А) арыз<br>В) кулактандыруу | Б) тил кат<br>Г) маалымдама | |
| **2.** | Арстанбап _______ жаңгак көп өсөт. | А) токойчу<br>В) токой | Б) токоюнда<br>Г) токойго | |
| **3.** | Чаар тоок басып жаткан жумуртקада ийненин _______ тешик пайда болду. | А) көзүндөй<br>В) көзүнүкү | Б) көзүн<br>Г) көзүндү | |
| **4.** | Кечээ күнү асман бүркөлүп, күн күркүрөп, айлананы жөө туман каптап, _______ суу каптады. | А) чар-тарапка<br>В) чар-тарап | Б) чар-тарапта<br>Г) чар-тарапты | |
| **5.** | Кыргыз чеберлеринин бай тажрыйбасы жана мүмкүнчүлүк деңгээли жаңы шарттарда керегі ______. | А) болду<br>В) болбогон | Б) тийди<br>Г) эмес | |
| **6.** | Максаты бир дос болду, өчөшкөнү _______ болду. | А) кас<br>В) зат | Б) дат<br>Г) түн | |
| **7.** | Тилден ____ да тамат, ____ да тамат. | А) аба / суу<br>В) бал / уу | Б) туз / шекер<br>Г) от / жалын | |
| **8.** | _____ үйү Асанбай кичи районунда жайгашкан. | А) Катяга<br>В) Катянын | Б) Катяны<br>Г) Катядан | |
| **9.** | Агамдын иштеген жерине __________ калтырганы келгем. | А) иним<br>В) инимдеги | Б) инимден<br>Г) инимди | |
| **10.** | ____ көлү чет элдиктерди кызыктырып, туристтик аймакка айланды. | А) Сары-Челекте<br>В) Сары-Челекке | Б) Сары-Челек<br>Г) Сары-Челектен | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **11.** | Мелдештин катышуучулары Тоголок Молдонун _____ чыгармаларын окушуптур. | А) катуу<br>В) жумшак | Б) мыкты<br>Г) начар | |
| **12.** | Борис борбор калаада салынган имараттар _____ бийик экендигин айтып келди. | А) начар<br>В) абдан | Б) мындай<br>Г) кенен | |
| **13.** | Сынчынын айтымында, акындын бул ыры мурдагысынан _____ . | А) тайызыраак<br>В) арыраак | Б) жакшыраак<br>Г) карараак | |
| **14.** | − Бий конкурсунан канчанчы орунду алдың?<br>− Мен үчүнчүгө ээ болдум, ____ орунду Асыл алды. | А) неченчи<br>В) эки | Б) алтыга<br>Г) биринчи | |
| **15.** | Айсулуу быйыл ___ жашка чыккан-дыгына байланыштуу паспорт алды. | А) он алтыга<br>В) он алтынын | Б) он алты<br>Г) он алтынчы | |
| **16.** | Ата, тоо жактан келе жаткан адамдар _______ экен? | А) нечөө<br>В) бешти | Б) канчадан<br>Г) алтыны | |
| **17.** | Тилек, Шабдан, агай _____ эртең шахмат боюнча мелдешке барат деди. | А) менин<br>В) сенин | Б) силерди<br>Г) алардын | |
| **18.** | Жарыгы күйүп турган үйдүн ичинен_____ _______ үнү чыкты. | А) үчөө-төртөө<br>В) кээ бирин | Б) качандыр бир<br>Г) кимдир бирөөнүн | |
| **19.** | Балчыларга аба ырайы жөнүндө маалыматты аарылар _________ . | А) билдирем<br>В) билдиришет | Б) билдиресиз<br>Г) билдиресиң | |
| **20.** | Азыркы учурда арыктар тазаланып, бакчаларга бак __ _____ . | А) казып келет<br>В) куурап турат | Б) алып берет<br>Г) тигилип жатат | |
| **21.** | Грек жаңгагында “С” витамини көп кездешкендиктен ден соолукка пайдалуу экендигин доктур айтып ________ . | А) жатам<br>В) жатты | Б) жатасыңар<br>Г) жатышат | |
| **22.** | Мугалим эжебиз сабак учурунда эч нерсеге алаксыганга болбостугун ____ да, Анвар кулак салбады. | А) эскертсе<br>В) ырдаса | Б) кыйкырса<br>Г) кетсе | |
| **23.** | Атай, уктап жата бербей, эрте туруп, элден ____ бар. | А) кал<br>В) калган | Б) калбай<br>Г) калды | |
| **24.** | Быйылкы жылы борбор калаабызда былтыркыга караганда мектептер, бала бакчалар ______ салынды. | А) ананыраак<br>В) көбүрөөк | Б) муздагыраак<br>Г) жемиштүүрөөк | |
| **25.** | Суу жээгине конгон ____ канатын суулап, _____ жактан аңдып турган мышыкты байкабады. | А) пингвин / жогору<br>В) чымчык / төмөн | Б) мышык / өйдө<br>Г) улак / ылдый | |
| **26.** | Кечинде жалгыз басканга ______ болбойт. | А) жөнүндө<br>В) таптакыр | Б) жанына<br>Г) менен | |
| **27.** | Баяз өз катында Москвадагы _____ Киевдеги конференция ____ жазган. | А) менен / сыяктуу<br>В) бирок / жанында | Б) жана / жөнүндө<br>Г) көздөй / дейре | |
| **28.** | Кечинде Света келет, _____ конокко тамак даярдап коёлу. | А) сыйлоо<br>В) көксөө | Б) жатар<br>Г) катар | |
| **29.** | Алыскы үйдөн ______ жарыктын шооласы жылкычынын үмүтүн күчөттү. | А) караңгылаган<br>В) көрүнгөн | Б) жасалган<br>Г) жанданган | |
| **30.** | Билимсиз _____ билимдүүнүн түйшүктөрүн түшүнбөйт. | А) окуганда<br>В) окуткан | Б) окумайын<br>Г) окуган | |
| **31.** | Жакшы ____ менен сооротот, жаман токмогу менен ыйлатат. | А) токмогу<br>В) сөзү | Б) урушу<br>Г) ыйы | |
| **32.** | Кыздар менен балдар тегерек отуруп, _____ таштамай ойношту. | А) жоолук<br>В) желек | Б) көйнөк<br>Г) топу | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **33.** | Мыкты ______ жараткан театрдын артистерине ийгилик! | А) буюмдарды<br>В) образдарды | Б) үйлөрдү<br>Г) шаарларды | |
| **34.** | Жан-жаныбарлар үчүн да _________ абдан керекпи? | А) таза кийим<br>В) таза жазуу | Б) таза кол<br>Г) таза суу | |
| **35.** | Бул суусундуктун негизин өзгөчө технология менен даярдалган _____ түзөт. | А) бадалдын сабагы<br>В) чөптүн чаңы | Б) жүзүмдүн ширеси<br>Г) жаандын суусу | |
| **36.** | Адилеттин уулу Европадан апасына көйнөк, жоолук, _______ белекке алып келди. | А) чака<br>В) кумган | Б) күрмө<br>Г) чыны | |
| **37.** | Эртең менен бөлмөңдү жыйнаганды унутпа дечү чоң энем. | А) - "__"<br>В) "__", - | Б) : - ,<br>Г) - __:__. | |
| **38.** | "Ажардын жүзү албырып, ______ турду ошондо", − деди Каныш эже. | А) жеп<br>В) санап | Б) куюп<br>Г) уялып | |
| **39.** | Азыр да атам дал ошондогудай карап тургансып ______. | А) каралат<br>В) сезилет | Б) табылат<br>Г) кошулат | |
| **40.** | Оозунда ____ бар адам, _______ тең адам. | А) тили / ууга<br>В) кеби / музга | Б) сөзү / алтынга<br>Г) тиши / дарыга | |
| | | | **1-бөлүмдүн упайы** | |

## 2-БӨЛҮМ. ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

Тестти аткаруу убактысы – 50 мүнөт. Тестти аткарууда сөздүк колдонууга болот.
Тапшырмалардын саны – 2 текст жана аларга карата 15 тесттик тапшырма.

**Текстти окуп чыгыңыз.**

### Кызыктуу жандык

Дүйнө жүзүндө кызыктуу жандыктар абдан көп. Өзгөчөлөнгөн жандыктардын бири −жөргөмүш. Ал башка жандыктардан эмнеси менен айырмаланарын билесизби? Жөргөмүштүн денесинин узундугу 0,7 миллиметрден 11 сантиметрге чейин жетет. Анын мүчөсү эки бөлүктөн турат: баш-көкүрөк жана курсактан. Эң кызыктуусу, баш көкүрөгүндө сегиз көзү, алты жуп буту бар. Жөргөмүшкө мынча көздүн кандай кереги бар? – деген суроо жаралат. Анын көздөрү айланасын көзөмөлдөө, душмандардан коргонуу, азыгын кармап жеген сыяктуу функцияларды аткарарын окумуштуулар изилдешкен.

Курсагынын алды жагында жайгашкан өпкө баштыкчалары дем алуусун камсыздайт. Курсагынын артында жибек жибине окшош желе пайда кылуучу суюк затты камтыган желе сөөлдөрү бар.

Суу жөргөмүшүнөн башкасы кургакта жашашат. Алардын бардыгында дээрлик жыт билүү, сезүү, көрүү, угуу, желесинин кыймылын туюу сезимдери күчтүү өнүккөн. Негизинен жөргөмүштөр жырткыч келет экен. Алар өз желесине түшкөн курт-кумурскаларды чырмап, курсагы тойсо кошумча азык катары сактап коюу өзгөчөлүгүнө ээ. Жөргөмүштүн ургаачысы жумурткасын желесинен жасалган кутучага жайгаштырат.

Жер жүзүндө жөргөмүштөрдүн 21 миңге жакын түрү белгилүү. Алардын ичинен бир нече түрү тукум курут болуп, жоголууга дуушар болгон. Жөргөмүш сымалдуулардын ичинен өтө кеңири тарагандары чаяндар, музоо баштар, чалгы буттар, кенелер. Жөргөмүш сымалдуулардын кээ бир түрү түрдүү жугуштуу оору таркатышат. Кампа кенелери азык-түлүккө зыян келтиришет. Борбордук Азияда жашаган кара курт менен чаяндын уусу өтө коркунучтуу болсо, кээси зыяндуу курт-кумурскаларды жеп, айыл чарбанын өсүшүнө оң таасирин тийгизишет экен. Эң кызыктуусу, жөргөмүштөрдүн желесинен астрономиялык аспаптарга керектүү жиптер даярдалып, илимге зор пайдасын тийгизгени. Демек, жөргөмүштөр дагы пайда алып келет жана аларга дагы этият мамиле кылуу керек.

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0 / 2**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Жөргөмүштүн канча көзү жана буту болот? | А) эки / төрт жуп<br>В) алты / сегиз жуп | Б) төрт / эки жуп<br>Г) сегиз / алты жуп | |
| **2** | Жөргөмүшкө коргонуусуна, көзөмөлдөөсүнө жана азык табуусуна кайсы органы көмөктөшөт? | А) буту<br>В) көзү | Б) денеси<br>Г) өпкөсү | |
| **3** | Жөргөмүштүн дем алуусун эмне камсыздайт? | А) өпкө баштыкчасы<br>В) койчу баштыгы | Б) гүл желекчеси<br>Г) аттын жалы | |
| **4** | Жөргөмүштүн желе сөөлдөрүндө кандай зат бар? | А) катуу<br>В) газ | Б) суюк<br>Г) жумшак | |
| **5** | Кургакта жашабаган жөргөмүш кандай аталат? | А) дан жөргөмүшү<br>В) чалгы буттар | Б) суу жөргөмүшү<br>Г) топурак жөргөмүшү | |
| **6** | Кээ бир жөргөмүштөрдүн кандай пайдасы бар? | А) пайдалуу көпөлөктөрдү жегени<br>Б) кармаган азыгын сактаганы<br>В) зыяндуу курт-кумурскаларды жегени<br>Г) желесине азыгын түшүргөнү | | |
| **7** | Жөргөмүштүн илимге тийгизген пайдасы кайсы? | А) балдар оюнчугуна кошо турган кошулмалар алынат<br>Б) желесинен астрономиялык аспаптардын жиби алынат<br>В) айыл чарбасына керектүү химиялык элементтер бар<br>Г) жугуштуу ооруларды болтурбоочу заттар алынат | | |

**Тексти окуп чыгыңыз.**

## Чайдын өзгөчөлүктөрү

Чай качан жана кайдан келип чыккандыгы жөнүндө маалыматтар көп. Негизи эле биз өз жашообузду чайсыз элестете албайбыз. Чайдын дарылык, суусун кандыруучу касиеттери бар. Анда эмесе, чай жөнүндө кызыктуу баян куралы.

Бул суусундук чай бадалынын жалбырагын кайнатуу, демдөө жана тундуруу жолу менен алынат. Байыркы Кытай маалыматтарына таянсак, чайды кытайдын императору Шэнь Нун ачканы белгилүү. Уламыш боюнча император касиети күчтүү өсүмдүктөрдү издеп саякатка чыгат. Чай бадалынын жалбырагы кокусунан императордун суу кайнап жаткан идишине түшүп, демделип, өңү өзгөрөт. Бул өзгөчө түстүү сууну ичип көрүп, кайнатманын өзүнө кайрат бергенин байкайт. Издеп жүргөн дарысын тапканына сүйүнүп, ал өз өлкөсүндө чайды суусундук катары ичүүнү маданиятка айланткан экен.

Чай алгач Чыгышта пайда болуп, кийин дүйнө жүзүнө тараган. Кытай өлкөсүндө көбүнчө көк жана сары чай ичишет. Аларда чай демдеп ичүү өзгөчө салтка айланган. Япония өлкөсүндө да көк чай кеңири жайылып, абдан популярдуу. Аларда улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү катары эсептелген чай салтанаты бар. Япондор кытайлардан айырмаланып, чайды ысык гана эмес, муздак түрүндө да ичишет. Ал эми Индияда чайды «жалпы элдик суусундук» деп айтууга болбосо да, индиялыктар чайды мыкты даярдоону өздөштүрүүгө жетишишкен. Индиянын климаты абдан ысык болгондуктан, аларда чайдын тоңдурулган түрү көп колдонулат. Ал эми Африка континентинде чайды эркектер гана даярдоосу милдет катары кабыл алынган.

Дүйнөдө эң көп чай ичүүчүлөргө кимдер кирерин билгиңер келеби? Алар Англиянын жашоочулары болуп саналат экен, себеби, фактыларга таянсак, бул өлкөдө жылына киши башына 4 килограмм чай туура келет деген статистика бар. Алар чайды суткасына үч жолу ичишет. Айрыкча сүт кошулган чай алардын жашоосундагы баалуу суусундук катары эсептелинет.

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0 / 2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Чай кандай касиетке ээ? | А) азыктык, маанайды түшүрүүчү<br>Б) дарылык, суусун кандыруучу<br>В) популярдуу, статистикалык<br>Г) кан суюлтуучу суусундук | |
| **2** | Чай өсүмдүктүн кайсы түрүнө кирет? | А) терек Б) кайың<br>В) бадал Г) арча | |
| **3** | Чайды кандай жолдор менен ичүүгө даярдап алууга болот? | А) муздатуу, сапыруу, чыпкалоо<br>Б) кайнатуу, демдөө, тундуруу<br>В) тазалоо, терүү, иргөө<br>Г) кайнатуу, кургатуу, үзүү | |
| **4** | Уламыш боюнча чайды ким биринчи тапкан? | А) Сань Лу Б) Бао Чан<br>В) Чжан Вэй Г) Шэнь Нун | |
| **5** | Кайсы өлкөдө көк чай абдан популярдуу жана ага арналган кандай майрам бар? | А) Индонезия / чай кечеси<br>Б) Тайланд / чай сатуу<br>В) Япония / чай салтанаты<br>Г) Цейлон / чай жарышы | |
| **6** | Индияда эмне себептен чайды тоңдуруп ичишет? | А) климаты мелүүн Б) климаты ысык<br>В) климаты суук Г) климаты нымдуу | |
| **7** | Дүйнө жүзүндө эң көп чай ичүүчүлөргө кимдер кирет? | А) кытайлыктар Б) француздар<br>В) тибеттиктер Г) англичандар | |
| **8** | Кандай чай англичандардын жашоосундагы баалуу суусундук катары эсептелинет? | А) гранулданган кара чай Б) муздатылган көк чай<br>В) сүт кошулган чай Г) кургатылган ак чай | |
| | | **2-бөлүмдүн упайы** | |

**Тесттин аягы!!!**